маал болучу. Мурдагы нравалык принциптерди кээде көз көрүнө, кээде жымсалдуу амалы менен жерип, өз салт санаасын бекемдеп коюуга умтулган буржуанын кылык жоругу “сүйүү” деген жасалма мамиле менен аристократиянын позициясын бошоңдотуп, анан анын ордун ээлеп алууга карата иштелген чаралардын комбинациясы болгон. Мопассан XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын башы чендеги коомдук турмуштун өзгөрүү процесси адамдардын моралдык жашоо нормаларына кандай кескин кубулуштарды киргизгендигин, ошентип, аял, эркектин мамилелери аркылуу ачып берүүгө жетишкендигин тастыктап коюу зарыл.

Ал эми О. Айтымбетовдун “Торгойлуу талаа” повестинде кандай коомдук социалдык проблемалар чагылтылды? Үңүлө караганда олуттуу бир нерсени табуу эч мүмкүн эмес. Ошондуктан анын повестине советтик идеологиянын моралдык критерийлеринен сын айткандардын пикирлеринде жүйө бар дешке болот. Анын үстүнө повесть жазылган мезгилди жана ал учурдагы коомдо өкүм сүрүп турган моралдык, психологиялык климатты эстен чыгаруу болбостур. Мына ушуга байланыштуу повестке айтылган кескин сындардын болушу табигый көрүнүш десек болчудай. Бирок О. Айтымбетовдун чыгармачылык өнөрканасына үңүлгөндө мындай тематикалык өзүнчөлүк бара-бара туруктуулукка ээ экендиги тангыс фактыдан болуп калат.

**Адабияттары:**


1. Жунушов И. Патриот калемгер. // Айтымбет О. Аруу жесир: Аңгеме. – Балыкчы, 2000 . 90-бет
2. Жунушов И. Аталганы. 91-бет.
3. Ушунда. 91-бет.
4. Тентиев К. Улуу дөөлөттүү сөз чебери. // Айтымбетов О. Аруу жесир: Аңгеме. – Балыкчы, 2000. - 87-бет.



***Жолдошбек кызы Н.,***
Жусуп Баласагын ат. КУУ,
окутуучу


## ДЕТЕКТИВДИК ЧЫГАРМАБЫ ЖЕ…


*Макалада М. Макенбаевдин адабий сында детектив катары каралган чыгармалары талданылып, фактурасы, структурасы боюнча аталган дефиницияга толук жооп бербегендиги ачылат.*



***Негизги сөздөр.*** *Детектив, автор, тажрыйба, адабиятчы, позиция, адабий камылга, пикир, канон, турмуш чындыгы, жанр.*



*В статье анализированы фактура, структура произведения М. Макенбаева которые в литературной критике оцениваются как детективные и тем самым дан ответ действительно ли эти произведения следует отнести к детективным жанрам.*



***Ключевые слова.*** *Детектив, автор, опыт, литературовед, позиция, литературная подготовка, мнение, канон, жизненная правда, жанр.*



*The article is analyzed the texture, the structure of the work of M.Makenbayev kotin in literary criticism is assessed as detective and thus the answer is given whether these works really belong to detective genres.*



***Keywords.*** *Detective, author, experience, literary critic, position, literary preparation, opinion, canon, life truth, genre.*


Коммунисттик идеологиянын талаптарынын бошондошу менен социалисттик реализм методу эстетикалык ийги жактары менен катар турмушту чагылтууда адабиятты чектеп келгендиги айкын болду. Ошентип, XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымынан кийин адабиятыбызда детективдик жанрдын нукура канонуна жакындашкан чыгармалар

пайда боло баштады. Алардын арасынан адабий сындын назарына түшкөн жана окурмандын арасында зор кызыгууну пайда кылуу менен китептери кайра-кайра басылышка эгедер болгон калемгердин бири – Мелис Макенбаев. Анын чыгармачылык жолуна эң алгачкылардан болуп кеңири профилдеги калемгер Меңди Мамазаирова, М. Макенбаевдин романы «Бөрүлөрдүн чыйырына» «Ак жолуң ачылсын, Мелис!» [1.] деген баш сөзү менен пикирин билдирген. Анда кыргыз прозасынын кулачы кеңейип, козгобогон тема-материалы жокко эсе экендигин, ошентсе да, «азыр эле акыркы бетин жапкан «Бөрүлөрдүн чыйырына» дейре бул темага, башкача айтканда, «кылмыш дүйнөсү» тууралуу жазылган бир да чоң чыгарма жоктугун белгилеген пикир жолугат. А.Кулманбетов менен болгон маегинде сүрөткер: «Он бир чыгармадан өзүмдү-өзүм таңдым. Эми, түрмөдөн башка түбөлүктүү теманы жазыш керек экен. …Ошол боюнча «Улуу жалгыздык» деген философиялык, тогуз китептен турган чыгарманы жазып атам, «Шамал түнөгөн шаар» деген биринчи китебин үч айда жазып бүттүм», - дептир [2.]. Ушул маегинде өзүнүн чыгармаларынын жанрдык аныктамасын детективдик дегенге караганда бестселлер дегенин жана ага Ч. Айтматовдун «Плахасын» кошуп, үлгү катары Америкада ушул жанр кеңири колдонуларын эскергени бар. Ал эми М. Макенбаевдин чыгармачылыгын иликтегендердин бири Д. Асакеева «кылмыш жана жаза» темасындагы «кайсы гана чыгармасын албайлы каарманынын жан дүйнөсүн, психикасын изилдөө алдыңкы планга көтөрүлгөндүгү» үчүн анын чыгармаларын детектив адабиятындагы «интуициялык детектив» деген бөлүгүнө кошууну сунуштайт [3.]. Тема кыргыз адабиятында ал мезгилде өнүгүп келе жаткандыктан «бул көрүнүштү Мелис Макенбаевдин табылгасы, улуттук адабиятка алып келген жаңылыгы» деп бааларын билдирет. Ошону менен ушул өңүттө Бекмамат Атахановдун «Тайгада калган өмүр» романын эске албаганда башка атар чыгарма жок деп ишенимин айткан. Б.Атахановдун чыгармасы менен М. Макенбаевдин романдарынын ортосундагы табылган жакындык сырткы гана жакындык. Б. Атахановдун чыгармасындагы жаза жана кылмыш маселеси «күнөөсүз күнөлүүлөр» башкача айтканда саясий боёкко ээ. Ал эми М. Макенбаевдин чыгармасындагы кылмыш жана жаза маселеси кылмыш беренесине таандык коомдун, мамлекеттин укуктук компетенциясындагы маселеден. Ошондой эле каарманынын жан дүйнөсүн, психикасын изилдөө анын гана чыгармаларынын алдыңкы планында болбостон, деги эле көркөм чыгармалардын бардыгына таандык идеялык, эстетикалык салмагын арттыруучу көрсөткүчүнөн болуп саналгандыктан жогоруда сунушталган жанрдык дефиниция толук ишеним жарата албайт.

М. Макенбаев эгемендүүлүк шартындагы жаңы муундагы калемгерлердин катарына кирген жазуучу. Ал өзүнүн эскерүүлөрүнүн биринде айткандай жазуучу болууну самаган да эмес экен. Художник болууну ойлоп, Фрунзедеги сүрөтчүлөр окуу жайына тапшырып, өтүп, бирок окуусун улантпай, эки жылдан кийин чыгып кетип университетке өтүп, ал жерден окуп калган. Ырасында мурдагы мезгилдик басма сөз беттеринен М. Макенбаев ысымы менен жарыяланган бир нече аңгеме, повесттен үзүндү деп берилген чыгармалар учурайт. Мисалы, “Күн дайыма бирдей” (Ленинчил жаш, 1980, 6-май.), “Өмүр кечи” (Советтик Кыргызстан, 1990, 25-июль.), “Кумдагы издер” (Ленинчил жаш, 1990.), “Балалык” (Ала-Тоо, 1993, №2.). Булардын арасынан “Балалык” аңгемелерден турган повесть деп берилгендигин көрсөтө кетүү керек.

Д. Асакеева М. Макенбаевдин чыгармачылыгын төмөнкүдөй бөлүштүрүүнү сунуштаган: “Негизинен М. Макенбаевдин чыгармачылыгын үч бөлүккө бөлүп кароо керек: себеби, түрмөгө түшкөнгө чейинки аңгеме, повесттеринде кадимки турмуштун көйгөйүнөн кеп козгосо, кийинки чыгармалары бул чыгармалардан түп тамырынан бери айырмаланып, таптакыр жаңы тема – “кылмыш жана жаза” темасынан кеп козгогон. Өмүрүнүн акырында жаңы темага да киришип, доорубуздагы социалдык-турмуштук шарты, селсаяк, үй-жайы жок, тентиген адамдардын турмушу чыгармачылыгынын борборунан орун ала баштаган”, - деп оюн улантып, - “соңку мезгилде жаңы темага – жашоо турмуштун көйгөйлүү жагы социалдык жактан өтө төмөн катмардын турмушунан кабар берүү максатында ... селсаяктардын турмушун сүрөттөгөн

чыгармаларды жазган, бирок бул темадагы чыгармачылыгы узак сапардагы ийгиликтүү чыгармачылык боло алган, буга шарты да келишкен жок", - дейт [4.].

Жалпысынан мындай темада М. Макенбаев ондон ашуун роман жазган. Алардын айрымдары: "Караколдун түрмөсү" (1994.), "Бөрүлөрдүн чыйыры" (1994.), "Зона" (1995.), "Кайыктардын көрүстөнү" (1995.), "Зэк" (1996.), "Карышкырдын белети" (1996.), "Пресс-хата" (1998.), "Тентиген чал" (2000.), "Баатырлар эмнеден өлөт" (2000.). Эскерилген интервьюсундагы бир суроого М.Макенбаев: "Адам кыйынчылыктарды көп өткөрсө, улуу жалгыздыкка келет экен. Мен баатырсынып, кыйынсынып, чеченсинип жүрсөм, жаңылып жүрүпмүн. Көрсө улуу жалгыздыкка келген киши өткөн кемчиликтерди, жаңылыштыктарды сезет экен. Улуу жалгыздыгын таба албай кетсе жазуучуну бузат экен. Мен да улуу жалгыздыкка келгенде жинди болуп кете жаздап, өзүмдү араң жыйнадым. "Улуу жалгыздыкты" жазып жатып, эми гана чыныгы чыгарма жарата баштаганымды сездим". Албетте, жазуучу терең маани бергиси келген "улуу жалгыздык" деген түшүнүктүн ар жагында эмне деген ойлор жаткандыгын азыр боолголоого гана болчудай.

М. Макенбаевдин алгачкы романдары негизинен турмуштук тажрыйбаларына таянып жазылган. Бирок турмуштук тажрыйбанын тажрыйбадан айырмасы бар. Анткени, жаш кездеги тажрыйба менен бир топ курак кечирип калган учурдагы тажрыйбанын айырмасы жок деп эч ким айта албас. Албетте, мындай учурлардагы тажрыйбалар, биринчиси жаш учурдагы эмоцияга бай келсе, экинчиси турмуштук сабактардан алган таалимдик жактарына негизденип келет. Мындай айырмачылык М. Макенбаевдин алгачкы романдарынын фактурасынан байкалат. "Караколдун түрмөсү" болочок жазуучунун биринчи ирет түрмө деген жайды аттагандагы таасиринин туундусу деп айтууга болот. Буга чейин М. Макенбаев көркөм адабият деген кандай болуусу керек деген түшүнүккө ээ экендигин майда формадагы чыгармалары аркылуу окурмандарга аздыр-көптүр далилдеп келген. Ошондон улам ал "Караколдун түрмөсү" романында камакка түшкөн адамдын тагдырына гана таандык деталдарга кийинки чыгармаларындагыдай анча айланчыктабайт. А тургай "Караколдун түрмөсүн" ыр менен жазган. Муну атайын белгилеш керек, себеби, кыргыз адабиятынын тарыхында ыр менен жазылган романдардын саны бир колдун манжалары менен эле саналышы ыктымал.

"Караколдун түрмөсү" китеби жарыяланган маалда автордун жазуучулук тажрыйбасы, даремети дээрлик жетилип калган учур. Ошол себептүү ал ыр менен жазылган бул романында учурунда алган филологиялык билимин ар жактуу пайдаланууга аракет жасагандыгы байкалат. Биринчи планга жеке эмоциясын бул чыгармасында койбойт. Алдыңкы планда буга дейре ага тааныш эмес чөйрө, анын рамкасындагылар, алардын тагдырындагы ар нерседен жаралган кокустукпу же максаттуу жасалган иштерби, демек, алардын натыйжалары сүрөттөөлөр арасында орун алышы менен айырмаланат. Башкача айтканда, "Эки жүздөй кылмышкерлер камактагы" абалды "Табак батчу оюктан, Шылдыраган даамсыз шорпо сунулган" тагдырга тушуккандарды так берген [5.]. Чыгарманын алгачкы саптарында эле жалпы абалды билдирет да, акырындап алардын ким экендигин туюнта баштайт. Мында ал көз алдыга келтирген кейипкерин же окуянын катышуучусун жалпысынан тааныштырат. Тактап айтканда анын бири "Ак чач аял элүү беште чамасы, Жубайын жан жолдошун сайып салган". Ошондой эле "бир жаш он тогузга толбогон кыз бардыгын", ал "теңтуш кызын бычак менен бир коюп" камалса, "Колу туткак эки аялдын коңшусунун үй мүлктөрүн уурдагандыгы үчүн абакка алынгандыгы маалыматталат [6.] Кыскасы, Караколдун түрмөсү жөн жай келбегендердин орду экендигин билдирет. Жазуучу түрмөдө жаткандардын кимиси канча мөөнөткө кесилди, эмне үчүн деген суроону бул чыгармасында чагылтууну көздөбөйт. Ал, мурда эскерилгендей, филологиялык билимге ээ болгондуктан көркөм чыгарманын идеялык, эстетикалык белгилүү багыты болордугун бул ирет эсине бекем тутат. Ошол себептүү тагдырлаш адамдарынын өмүр жолу, өткөн, кеткенине анча үңүлбөйт. Айталы, "ак чач аял элүү беште чамасы" болгон жандын эмне себептен мындай тагдырга кириптер болгондугу бир аз, башкаларга салыштырмалуу жайылта берилет. Ал ичкиликтин айынан ушундай кадамга баргандыгы

дайын болуп, эми мамлекет тарабынан гана эмес, бала-бакырасы тарабынан да кечирилгис жазага учурагандыгы айтылат. Ушундай болжоп болгус тагдыр чиелеништерине М. Макенбаев кылмыш дүйнөсү тууралуу алгачкы романында коомдук, моралдык багыттан да баалоого ниет салган. Анын мындай кооптонуусу тегин жеринен пайда болуп жаткан жок. Мындан улам ал мезгилдердин үзүлбөс байланышы кай жеринен чортпу же акырындап кетилип жүрүп кеттиби деген ойлорго азгырылып, тээ карт тарыхтын катмарларына адабий экскурска окурманын ээрчитет. Алгач ал Орхон дайра, Эне-Сайдын боюнда өткөн байыркы кыргыз турмушуна, бир калыпта өтүп жаткан турмушун сүрөттөөгө өтүп "Орхон дайра, Эне-Сайдын жээгинде, Көчмөндөрдүн боз үйлөрү агарат", - деп [7.] берилип, жоокердик мезгилдин айрым катаал көрүнүштөрү бир сүртүмдөр менен элестелген.

Тарыхка жасалган мындай терең саякат бир караганда сюжетке ички байланышы жок. Андан, тээ көөнө тарыхка жасалган саякаттан соң, М. Макенбаев алган темасы Караколдун түрмөсүнүн пайда болушуна байланыштуу окуяны дагы тарыхый багыттан чечмелейт. Кыргыз жерине Валий аттуу кытайлык ногой көпөстүк максат менен келип, күлүктөрдү баккан сарай салдырат да, аны ар кандай ууру, кескиден сактоо жана кербендерди тосуу менен алган акысынан да кошумча баюу оюнан улам тегерегин бийиктетип тосмо кургузат. Чыгарма санжыралык, легендалык тариздеги окуялар менен катар мезгилдин тизмегин совет жылдарындагы окуяларга, төңкөрүш күндөрүнө, анын алдындагы кандуу окуя Үркүнгө чейин чоёт. Кыргыз элинин кандай азап, тозокторго кабылгандыгы жалпы жонунан баяндалат. М. Макенбаев алгачкы эпикалык ири формадагы бул чыгармасын ыр түрүндө жазуу менен бирге аны роман-эссе деп атаган.

Жазуучунун нукура биографиялык фактурага ээ чыгармаларынан болуп "Бөрүлөрдүн чыйыры", "Зона", "Зэк" жана "Карышкырдын белети" деген төрт романы саналат. М. Макенбаевдин чыгармаларында лирикалык "мен" учурабайт. Тескерисинче, ал башынан өткөргөндөрдү баяндоодо нейтралдуу ыкманы тандап алган. Чечмелеп айтканда үчүнчү бирөөнү башкы каарманга айлантат. Ал – Карыпбек. Каарманына да ысым берүүдө кыргыз адабиятынын көркөм-эстетикалык арсеналында 40-60-жылдарда кеңири учураган ыкма ысымынын мааниси аркылуу каармандын ким экендигин кыйыр билдирүү жолу тандалып алынган. Каармандын ысымы Карыпбек, кыргыз тилинде "карып" бечара, бир байкуш сыяктуу маани берери белгилүү.

Жазуучунун өмүр жолун кыйла дыкат талдаган А. Каныбек уулу мындай деген пикирди айтат: " Жашоосунда М. Макенбаев тагдырын өзү жараткандай. Мелис жарык дүйнөгө келген кезде атасы жаш болгон экен. Ал: "бала тарбиялаганды үйрөнгөнгө чейин эле мен чоңоюп, көчөдөн тарбия алып калыптырмын" деп эскергени бар. Үйүнөн качып, көчө балдарына кошулуп, күн кечирген күндөрү көп болгон. Андай жашоого Мелис өтө эле эрте келгендей. Дагы бир эскерүүсүндө: "Түн ичинде коркуп ыйлаган күндөрүм да болгон" дейт. Демек, эрте эле өз алдынча жашагысы келген. Өзүнүн мүнөзүн айтканда ал: "Эч кимге баш ийген эмесмин. Керек болсо атама да баш ийчү эмесмин" дегени бар. Ошентип, тоң моюн Мелис, эки жолу түрмөгө отурат. Биринчисинде жети жарым ай, экинчисинде үч жыл. Экинчи кесилген кезде жазуучу отуз жети жаш курагы экен. Бул жаш өтө жаш кез эмес, токтолуп эле калган курак. Бирок эмнегедир ушул жашында кесилген. Кыркка чыкканда түрмөдөн чыгып, элүүгө толо электе дүйнөдөн өткөн" [8.], - деген маалыматтарды тактоо иретинде келтирген.

"Караколдун түрмөсү" калемгердин биринчи ирет түрмө бетин көргөндөгү чыгармасы. Бирок ал кезде анын түшүнүгүндө көркөм чыгарма тууралуу филологиялык билимдердин таасири бекем жана күчтүү болгондуктан ал бул чыгармасын жазууда адабияттын идеялык, эстетикалык ориентирлеринен алыстабаган. Ошол себептүү философиялык жана дидактикалык идея мында алдыңкы орунда турат. Ал эми кийинки романдарында жазуучу тагдырына кейиш алып келген окуяларды башка жагынан көрсөтүүнү көздөдү. Анткени, чыгармаларынын аягында автор тарабынан камактагылардын жаргондору жөнөкөй элдик тилге которулуп берилет. Муну менен бирге ал окурмандарга бул турмуш менен

тааныштыгын билдирүү менен тааныштырууну да, албетте, аздыр, көптүр ишке ашырууну максат кылгандыгы талашсыз.

Кылмыш дүйнөсүн ичинен аңтара жазган биринчи чыгармасы "Бөрүлөрдүн чыйырында" айтылган автордук максат даана экендиги байкалат. Анын биринчи барактарынан эле кылмышка шектүү деп камалган жандын жаткан жайы, өткөргөн күнү майда-чүйдөсүнө дейре сүрөттөлөт. "... Адам – башына күн түшмөйүн, тагдырдын оорчулугуна баш катырбайт тура. "Түрмө деген аты болбосо; темир тордон болсо дагы – терезеси, булганыч болсо дагы – таш дубалдары, шып, астанасы, жабык болсо дагы калың темирден жасалган – эшиги бар, кадимки бөлмө. Жууна турган болсоң; түтүктөн суу агызып, каалашыңча жуун. Дааратканa тигине, чыкыроон сууктун күнү сыртка чыгып убара да болбойсуң. Тамакты үч маал беришет, ырас бир за супсактыгы бар, камера да тар, бирок чыдоого болот да, ырас эмеспи курдаш? Таш бетондун ары жагындагы "кепеде" сен деле жатасың, бул жакта мен деле өлбөй-житпей жашоодомун. А бизге окшогондор көп. Түрмө толо "селсаяктар". Кийинки жылдарда бул көрүнүш айрыкча. Эмнеликтен экени белгисиз". ...Заманың бөрү болсо – бөрү, түлкү болсо – түлкү бол! Мына ушул сөз азыркы учурга төп келет. Бөрү болуп койго тийгендей мыйзамга тийиштиңби? Тийиштиң. Ал, кутула албай, торго түштүңбү? Түштүң. Эми жазаңды тарта бер. Кийинкиңе сабак болот. Эмикисинде койго тийген учуруңда – жылга-жыбыттарды, өнүт-буйткаларды эсепке алып туруп, анан мерчемдүү жерден катылганыңа – турмуштук сабак бул" [9.].

Романдын башкы каарманы Карыпбек Ниязбековдун келтирилген ички санааларында өкүнүчтүн илеби бардыгы сезилет. Бирок мындай тагдырга эмне себептен тушуккандыгы тууралуу өкүнүч эмес, кантип, кандай жолду эске албай мыйзам бузгандан кийин колго түшүп калгандыгы жөнүндө гана ой толгоо бар. Демек, башкы каармандын турмуштук жолунда пайда болгон кырсыктын келиши, жеке жоопкердик сыяктуу маселелер экинчи орунда кала бергендигин байкабай калуу мүмкүн эмес. Ошол эле учурда жазуучунун жеке адамдын тагдырындагы ызырынышты жазганы менен ага параллель коомдогу айрым чындыктарга да көз жумуп коё албагандыгы байкалат.

**Адабияттары:**


1. Мамазаирова, М. Ак жолуң ачылсын, Мелис! / Макенбаев, М. Бөрүлөрдүн чыйыры. Баш сөз. – Бишкек, 2006. - 3-4 - б.
2. Макенбаев, М. «Жаңылып жүрүптүрмүн ...» Интервью А. Кулманбетов // Адабий гезит. - 2002. - № 11(37).- апр.
3. Асакеева, Д. Адам, тагдыр жана чыгармачылык. //Адабий Алатоо. - 2009. - № 16. - нояб.
4. Асакеева Д. Аталган макаласы.
5. Макенбаев М. Караколдун түрмөсү. 14-бет.
6. Ушунда. 23-бет.
7. Макенбаев М. Караколдун түрмөсү. 23-бет.
8. Каныбек уулу А. Мелис Макенбаев кайталангыс талант . // Де- факто.- 2014. – 17-окт.
9. Макенбаев, М. Бөрүлөрдүн чыйыры: роман. – Бишкек, Фиеста-Бланка, 2006. 7- б.